С кырг
С 95

Айбарчын СЫДЫКОВА



# Периштене айланайын тун менен

Скгр
С 95

АЙБАРЧЫН СЫДЫКОВА

КР

# Периштене айланайын түн менен

Ош – 2019

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
МЕКЕН ТААНУУ
БОРБОРУ

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 483 176

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
С 95

С 95 Сыдыкова А.
Периштеңе айланайын түн менен. Ош. 2019. 100 б.

ISBN 978-9967-9188-6-3

*Китеп акындын изденүү жолундагы жаштык, сүйүү, замандаштар тууралындагы жеткилең түрмөктөр толтура. Демек ал изденүү жолунда. Поэзиянын аруу майданына ак дилдөң кадам коюп, арышың кеңейип окурманың көбөйсүн. Айбарчын Сыдыкованын ыр майданындагы сапар түйшүгү жемиштүү болсун. Китеп окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналат. Китепке автордун басма сөз бетерине жарыяланган айрым макалалары да киргизилди.*

С 4702300200-19

ISBN 978-9967-9188-6-3

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
© Сыдыкова А.
2019



## КИРИШ СӨЗ

***Эргибес толуп, кыял сезимдер,***
***Улуулуктар кайдан, кантип жаралат.***
***Жаратканым бактысына бирөөнүн,***
***Берет экен өчпөс өнөр, зор талант.***

Сиздер түйшүгү, машакаты, ийгилиги, кубанычы башка кесиптерге окшобогон, өзгөчө өтө баалуу ар кимдин эле колунан келе бербеген, жан дүйнөсү улуу, дүйнө туюму кенен, биз аңдап көрө албаган дүйнөнүн табышмактуу сыйкыр үндөрүн угуп, сулуулугуна суктанып, тазалыгын баалап, жараткан тарабынан берген өзгөчөлүгү бар сезимтал инсандар болот.

Акыл көрөңгөсү, талант шыгы, чебер уйкаштыктары менен ырга салып поэзиянын ааламында жашаган акындардын кыл калеми, кыйын образ жараткан талант ээлери акын-жазуучуларыбыздын саны арабызда арбын. Ар кимиси ар кайсы багытта, тармакта эмектенишүүдө. Жан дүйнөдөн туюп, сезим аркылуу сезип кагаз бетине түшүрүү жана аны кийики муундарга таасирдүү калтыруу парзыбыз болуп эсептеленет.

**Сезим, сезим аты айтып тургандай.**

Сезим толкубаса, кыял эргибесе, шык ойгонбосо, кудай берген тубаса талант, өнөр болбосо кайдан. Улуу адамдар, улуулуктар кайдан жаралат.

Чыңгыз Айтматов, Алыкул Осмонов, Самара Токтокунова, Эстебес Турсуналиев, Бүбүсара

Бейшеналиева, Тургунбай Садыков, Муратбек Рыскуловдой залкар инсандарды элине кузгү кылган да ошол улуу сезимдер, зор талант, өчпөс өнөр эмеспи.

Жүрөгүнө ыр түнөткөн, кыял чабыттары алыс учкан, поэзиянын сыйкырдуу коломтосуна баш оту менен кирип, эргүүлөрү ташкындаган, өзүнүн поэтикалык жумшак үнү менен көкүрөк көөдөндөгү жаңылыктарды ыр саптарына кыштай кынаган, **Таалайлуу элдин таланттуу кызы Айбарчын Сыдыкова** Кыргызстандагы касиеттүү жерлерди чагылдырууда, маалымат берүүдө, изденүү чеберчилиги менен коштоодо эмгеги эбегейсиз зор, «Ыйык жерлер баяны» аттуу китеби жарык көргөн.

**Канаттуу атың көкөлөй берсин,** он сегиз миң ааламдын ичинде ак куулардын сүйүүсүндөй суудай мөлтүр, сүттөй таза, алтындай кымбат, гүлдөй үлпүлдөк, абадай салкын, таза наристедей жап–жаш ыйманы ысык, ыйык, көк асмандай бийик, сезим эч кимде жок. Сезимдин бийиктигин, ыйыктыгын даңазалаган «Махабат-ыйык сезим» аттуу китеби жарык көргөн.

**Ааламдын амандыгын тилеген акын Айбарчын Сыдыкова** оюн-тунук, дили таза, пейили ак, ниети түз, сөзү жагымдуу, көңүлдү көтөрө билген, адамгерчилиги бийик, каада-салтты пир туткан, адамдын кадырын баалай билген инсандар бар болуңуздар.

«Периштеңе айланайын түн менен» ыр дүйнөсү сиздердин назарыңыздарда.

***Автор***



## СЕЗИМ

Сезим жолуктуң кайдан мага,
Сезимди серпип, сен далайга.
Аяр мамиледен көңүл тазарып,
Жан дүйнө, тунуп агарып.

Кайраттуу, жан элем го,
Өзүмө, өзүм таң калам.
Сен жөнүндө айтат белем,
Элден журттан жазганам.

Сүйүү, сүйдүрүү зор бакыт.
Жетпеген, бул сезимден кур калып.
Сезим, акыл эске баш ийбей,
Жан дүйнөңө келет, нур чачып.

## АТА МЕКЕН

Ата Мекен, менин бир боорум,
Кылымдарга жашай берсин, сенин дооруң.
Эч качан!, кан төгүү, болбосунчу!
Мекен үчүн, чабайынчы өпкө-боорум.

Бийлик, байлык талашып,
Элди экиге бөлүп-жарышып.
Падышалардын кимиси адилеттүү?
Кимиси калыс чечкиндүү!

Мекен жүгүн көтөргөн чыгаандар,
Эл башында турган асылдар.
Бириккиле, бир чечимге келгиле!
Адилеттүү падышага жол бергиле!



## АГАЙ

Каада – салттын кадырын билген,
Ата- салтын асырап сактап келген.
Үй- бүлөгө, камкор камбыл ата болуп,
Эл ичинде, жөнөкөй мүнөздө жашап келген.

Келечектен үмүт үзбөгөн,
Кылымга карай жолун түздөгөн.
Кеменгер, кыраан асылда,
Калыс сөзүн сүйлөгөн.

Табийгатты агай сыйлаган,
Тазалыкты тактыкты сактаган.
Билгенин келечек муунга үйрөткөн,
Мөмөсүн гүлдөтүп бүрдөткөн.

Ал бир инсан, бул ааламга жаралган,
Эл-жерибиздин, керегине жараган.
Агай дешип ага канча жан кайрылган,
Апакеси, батасын берип алкаган.

## ПЕРИШТЕҢЕ АЙЛАНАЙЫН ТҮН МЕНЕН

Кеч келдиң, тайэне болгон кезим менин,
Гүлдөрүм гүлүн төгүп, өчкөн сезимдерим.
Жүрөгүм муздап катып, тоңуп калган,
Жарыгы өчкөн, шооласыз кечим менин.

Жаштыктын жалыны өчүп калган,
Гүлүн ачпай, гүл багым соолуп калган.
Жакшы жансыз, ак сүйүүгө татыктуу,
Балдарга азыр ата- энебиз ардактуу.

Чынында ак дилимден жактырдым,
Өзүң болдуң себепкери ырымдын.
Элесиңди коштоп, жакшы ыр менен,
Жүрөгүмө каттым сыр менен.

Атыңды атап кошо аткан таң менен,
Эт жүрөккө бекем каттым сыр менен.
Кайда жүрсөң, амандыгыңды тилеген,
Периштеңе айланайын түн менен.



## САГА АРНАП

Мен сени сагынам, көргүм келет,
Сага арнап, ырларды жазгым келет.
Көзүңдө жылуулуктун оту жанып,
Уйкусуз узун түндү жолдош кылып.

Жаным – деп кулагыма шыбырап,
Жыттап алкымыңдан аймалап.
Ал ансайын кучагыңа кыналып,
Асмандагы айды карап суктанып.

Махабаттын туптунук көлүндө,
Сүзсө дейм, чөмүлбөй кемебиз.
Сага деп жазылган ыр сунуп,
Жүрөктөрдү көзөп, сүйүү жебебиз.

## ЭХ, ЖАШТЫК

Жаш элем, өткүр элем анда мен,
Максатым бийиктикке жетелеген.
Аткан таң тамашасы менен атып,
Баткан күн күлкүсү менен кубантып.

Суудай аккан мезгил менен алышып,
Жаштык шашты, күлүк аттай жарышып.
Эх, жаштык – деп аргасыздан жылмаям,
Жылдар да, өз убагында алмашып.

Аздектеген асыл жанга кезигип,
Махабаттын бешигине термелип.
Сени билбейм, мени жандайт билемин,
Өмүр бою ушул сааттагы жылуулук.



## СҮЙҮҮ ООМАТТЫ КЕЛДИ

Көздүн нуру жалындайт,
Эстегенде өзүңдү.
Ал анткени эңсөө, сагынуу,
Алоононткон сезимди

Жүрөк дагы зырылдайт,
Көргөн сайын сагынып.
Сүйүү күүсү чертилип,
Үмүттөргө багынып.

Мурдагыдай түн онтобойт,
Жаздыгымды уйпалап.
Сагынган ай бозорбойт,
Самаган шооласын кубалап.

Саламды алгым келет,
Ак таңдардын шооласы.
Элесиңди мезгил жеңди,
Сүйүү ооматты келди.

Тызылдатып жүрөк сайган,
Көңүл жаратынан айыгып.
Келечекке кучак жаям,
Күн шооласына чайынып.

## ӨЗҮҢ ДА СҮЙӨ БИЛ

Күлүк күнүндө, тулпар тушунда,
Багыңды убагында карма, учурба.
Арканды узун ташта, шашылба,
Баалагын өмүрдү, учурунда кор кылба.

Кадырла жаштыкты, кийин өкүнбө,
Калтыр изиңди, сезимди өчүрбө.
Ырда үн созуп, бийлей да бил,
Баарын күлдүрүп, өзүң да сүйө бил.



## ТОКТО ӨМҮР

Токто өмүр, токтой турчу шаштырба,
Таап алайын, өз бактымды азгырба.
Токто өмүр, албай турчу шаштымды,
Жашоодогу каталарымды оңдоп алгыча.

Токто өмүр, акактатып шаштырба,
Жан дүйнөм тазарып, сүйүү азабын салба.
Махабаттын ыйыктыгын сезгенде,
Жашоодо жакшы жанга кезиккенде.

Токто өмүр, токтой турчу умсунуп,
Келген кезде, махабатым бакыт сунуп.
Акыл конуп, бак- таалайга турам тунуп,
Токто өмүр, токтой турчу ыр сунуп

## ЖАЙ КЕЧИ

Ийилген мажүрүм талдын,
Чачы суугa сабылып.
Түбүндө биз элек,
Кете албай албырып.

Шаңга бөлөнөт айлана,
Жымыңдайт жылдыздар гана.
Табият, суктана жылмайып,
Маанайыбыз жарык, кубанып.

Сөз сүйлөп, сырдашып,
Каректер бир бирине ымдашып.
Керемет тура, жай кечи,
Кучагын жайып, бизге ачып.

Сүйүштүк, ошол күнү сүйлөштүк,
Кубанып , көңүлдөр бийлешти.
Чырмалып, бири бирине кучактар,
Термелип, бакытка ийлетти.

Татына жигит тамшандырган,
Сулуу кыз суктандырган.
Жай кечи, кандай сонун,
Жаштарды, жай кечи тааныштырган.

Жай кечи, сонун бир үзүм,
Назик, үлбүрөк жаштыктын.
Азыр да, көз алдыма элестейт,
Тартуулап жүрөгүмө шаттыкты.



## МЕН УНУТАМ

Мен унутам, сен да унут, кек сактаба,
Жолумду тоспочу, кечир мени, жалынба.
Көңүлсүз өткөн күндөрдөн мен тажадым,
Жакшы көрсөң да, сени сүйө албадым.

Сен экөөбүз эки башка жолду улап.
Сүйө албадым, сезимимди жүдөтүп,
Балким сен, башканын бактысың,
Очогун куруп койгон, тактысың!

Мен унутам, сен да унут, кек сактаба!
Асыл жансың, сынба, басынба.
Алсам эгер сени таарынтып,
Кечир күнөөмдү, мага жалынба!

## ЫРЛАРЫМ

Ырларым махабаттын айланасында,
Айлансын жыпар жыттуу гүл бактарга.
Шылдырап аккан булак болуп,
Өмүр берсин куурап турган тамырларга.

Көңүлдөн көктөм жыттуу ыр сунайын,
Махабат сезимине көңүл бурайын.
Окуган чын дилинен карек кадап,
Көрктөнсүн, сүйүү багы гүл жайнап…



## САБЫРЫҢ ЖЕТЕБИ

Сүйүү сезимдерим күч алып,
Ойлор түбү жоктой чубалып.
Жан биргем, биргеликте экөөбүз,
Куркулдайдын уясындай, уя куралык.

Ысык-Көлгө бирге сүзөлү,
Кечиксем, кечиккенде күткөнгө.
Жетелешип, көл жээгинде кыдырып,
Сүйүүбүздү жүрөгүбүзгө сүрткөнгө.

Сабырың жетеби, баарысына эми?
Кетеличи, алыс- алыс жактарга.
Күн нурунан күч – кубат алып,
Күбө болуп, кол кармашып кайтканга.

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 483176

## ЭМНЕНИ КҮТӨМ

Эмнени күтөм, өзүм да билбейм,
Сапарды күтөм, узаса келгисиз.
Бакытты күтөм, коноор бир күн деп,
Закымга сиңген, көзгө көрүнгүз.

Жакшылык күтөм, ар бир таңымда,
Жай өтсө, күздү күтөмүн сагына.
Күздө таппайм, издеген бактымды,
Өзүм да билбейм, күтөмүн таңымда.

Кылычын күүлөп кыш келет,
Агарган карда калат издер.
Ак бубак кийген дарактар,
Чыйрыга сынып, жашынган үмүттөр.

Сооротуп өзүмдү көңүлгө жаз келет,
Бакытты күтөм, жанга дем берип.
Арзышкан жанга, кездешким келет,
Себелеп жааган кар, сезимге таасир берет.



## ЭРКСИЗ БОЛДУМ ОКШОЙТ

Зарлап жүрөт канчалар,
Жылмайган күлкүмө.
Күтөт айлар үмүттүү,
Жашоодо бир болууга.

Жаныма жакын келип,
Колумду кармаганга.
Бир да жакпайт сендей,
Айта албайм, жан эркем аа.

Жабыктырып ойлорум,
Заманам тарып кетет.
Үшкүрүгү жалгыздыктын,
Түндү да, жарып өтөт.

Эңсеймин мен өзүңдү,
Көргүм келет көзүңдү.
Жылмайганың, күлгөнүң,
Эстетип турат, өзүңдү.

Жүрөктөн элесиңди,
Өчүрүүгө эрким жетпейт.
Эрксиз болдум окшойт,
Жүрөккө күчүм жетпей.

## СЕН ЭКӨӨБҮЗ

Көрүшпөсөк, бир күн дүйнө тарып,
Өксүй түшүп кусадан, жүрөк карып.
Кездешчү кез келгенде ал кайыңга,
Шашыла, жөнөйбүз күйүп-жанып.

Айттырбай, сөзүбүздөн туяр элек,
Сезимдин кучагына кулаар элек.
Биз жолуккан ак кайың да,
Сүйүүбүзгө күбө болуп тураар эле.

Сен экөөбүз айлангансып бир бүтүнгө,
Коломтого, отун жаккан өңдүү бир түтүнгө.
Сезимдер жанып турсун жанар тоодой,
Себебин сен билесиң, мен
билемин ошондой.



## СЫР КАТКАН...

Сүйүүнү өткөргөнбүз башыбыздан,
Буурул каптап билинбей чачыбызды.
Жалындаган, кайталангыз жаштык ай,
Мезгил жеңди, байкатпай жашыбызды.

Эстейбиз, өткөн жаштык кезибизди.
Достор бирге өткөргөн кечебизди,
Негедир бүгүн эстейм, ошол күндү.
Өткөргөн, айлуу түндө кечебизди.

Мен да өзгөргөм, азыр баары башка.
Калыптыр ак кайыңдар ал жакта,
Коштоштум, бутактарың аяр сылай.
Сыр каткан, эгиз өскөн кайыңдар ай.

## САГА КЕЛДИМ...

Амансыңбы, падышасы жүрөгүмдүн,
Узун түндө уйкуңду бөлбөдүмбү?
Шооласын чачкан ай болуп терезеңден.
Уктап жатып, түшүңдө көрбөдүңбү?

Мукам ырдын обону болуп өзүңө,
Терметким келди, эмнегедир көңүлдө.
Эркелетип саамайыңан назик сылай,
Түн уйкуда, сездиңби, келгенимди?

Жыпар жыттуу гүлдөрдүн атыр жытын,
Кумарлана, кучактап жыттадыңбы?
Гүлгө айланган периң болуп,
Сага келдим, түн уйкуңду бузбадымбы?

Ай нурунун шооласынан тор токуп,
Асыл сөздөн, сага ыр сунуп.
Жан дүйнөмдү, аруу сезим аралап,
Сага келдим, ак сүйүүмдү даңазалап.



## БИЗ БИРГЕБИЗ

Биз өмүрдө кезиктик,
Сүйүүнү баштан кечирдик.
Сагыныша, саргайдык,
Алыс болуп, өкүндүк.

Жолугууга чакырдың,
Сурадың баарын дагы.
Жайкы таңда сайрадың,
Булбул болуп багымдагы.

Сүйүү ырын арнадың,
Гүлдүн түрүн тандадым.
Наздуу карап карегиңе,
Колумду таап кармадым.

Кыялымдагы сезимим,
Бир өзүң деп билемин.
Өмүр жазын бир өткөрүп,
Биз биргебиз, кемеге түшүп.

## УНУТАМ

Кетем – дедиң, сен менен коштошподум,
Мурдагыдай ыйлактап, токтотподум.
Татыксыз сүйүү, муздаган сезимдерди,
Жылуулугу, жылуулукка окшошподу.

Өкүнүч гана жанды өйүгөн,
Эмнеңе гана кызыгып сүйдүм экен.
Түбөлүккө бирикпес, өзөндү эки жээги,
Кеч билип, эми гана өкүнөмүн.

Мойнумдагы азап- жүктөн кутулгансып,
Сен кеткенде, толкудум кубангансып.
Эстебеске, өткөргөн өткөнүмдү,
Жаңырсын жашоом көктөмдөгү.

Унутам далай жаш төккөнүмдү,
Унутам көңүлдө чөккөнүмдү.
Түнук сууга жуунайын тазарып,
Унутайын баарын, артка калтырып.



## КУТ ТОЛООР

Оош- кыйыш бул заманда,
Бирөөгө байлык, бийлик керек.
Бирөөгө атак- даңк керек,
А бирок ден – соолук эң керек.

Колдун кирин, ооба жууса кетет,
Жүрөк тагы, кантип кетет.
Кекирейген, кекер сүйлөгөн,
Бир байкуш эле пендебиз.

Көтөрүлсө, мыкты буттан тартып,
Жүдөп калса, момунду шылдыңдап.
Өтө өөрчүп барат, ичи тардык,
Арабызда, ынтымак жок ыдырап.

Албетте өңдү көрсө, жүз таят,
Жүзгө, тик- тике карабай.
Пейилдеги ач көздүктөн арылсак,
Баарыбызга, үйүбүзгө кут толоор.

## СЕНСИҢ

Берекелүү пейилиңден кагылайын,
Сенсиң жүрөк эңсеп сагынаарым.
Сенсиң жалын отун ээси,
Сенсиң бүт дүйнөмдөн жалынаарым.

Өзүңдө эч ким билбес, керемет күч,
Мени жипсиз, бекем байлап алган.
Башканы тоготпогон эки карек,
Сага гана кадалып жалдыраган.

Сенсиз кантип жашадым экен,
Эми мен, эстебейм өткөнүмдү.
Саат да өтпөйт өзүңсүз,
Сенсиз жашоо көңүлсүз.

Башкалар суктанып карап калган,
Сен менен ажарланган ай жамалым.
Сенин сүйүүң болуп жанга дабаа,
Жашайын туу чокусунда махабатым.



## СЕН ЭКЕНСИҢ

Иргедим жакшы сөздүн жаңысын,
Талдап сага, сезимдин жарчысын.
Баардыгын сага гана арнап,
Сага деген сагынычка багынтыпсың.

Менде сырлар көп катылып,
Ачык айтпай сезимди катып.
Сен экенсиң ырларымдын баарында,
Айтып берем, сурасаң окуп жатып.

Сагыныч да, куса болуу, таарыныч,
Сенде бар, бирок менде калбаптыр.
Сезим отун алоолонтуп өчүрбөй,
Өчпөс кылып, жүрөгүмө жагыптыр.

## ЧЫНЫҢДЫ АЙТЧЫ ЖАШЫРБАЙ

Чыныңды айтчы жашырбай,
Чын эле мени сагындыңбы?
Кусаланып, эңсеп мени,
Көрсөм деп, издедиңби мени.

Чыныңды айтчы жашырбай,
Жолуккан кечти сагындыңбы?
Бактылуу учурду эстедиңби?
Бакытка балкыткан, сүйүү демин!

Чыныңды айтчы жашырбай,
Өткөргөн күндөрдү сагындыңбы?
Көңүлдө мен сени, эңсегендей!
Сен дагы, сагынып мага жетпей.



## МЕН БОЛОЮН

Жан биргем, кеч жолуктум сага деп,
Эч убакта, өкүнбө, арман кылба.
Түбөлүк жан медериң болоюн,
Чарчасаң ак жаздыгың мен болоюн.

Өйдөдө да өбөгүм сен болуп,
Кыйналсам, ылдыйда жөлөгүм болуп.
Турмушта ысыкка бирге күйүп,
Ызгаарына, суукка бирге тоңуп.

Тартайын азабыңды, жыргалыңды,
Алтыным сен дегенде ыр жазып.
Жашоодо өктөмсүздүк өкүм сүрүп,
Элесиң өчпөйт окшойт, жүрөктө калып.

## СУРАНАМ

Суранамын жараткан ыйлатпачы,
Жүрөгүмдү кайгыдан оорутпачы.
Жакындарымдын өмүрү, узун болсун,
Жараткан, сен кайгыга тоорутпачы.

Жан дүйнөмдү, капа кылып таарынтпачы,
Сар санаадан бизди алыстатчы.
Жакындарымдын дени сак болсун дайым,
Суранамын, жакшылыктын нурун чаччы.

Тагдырым ойго салып, ойлонтпочу,
Оомат келсин, мага да карап койчу.
Жашоодогу бакыттын бир кереметин,
Мага белек кылып, берип койчу.

Тагдырым, башка салсаң багынайын,
Мойнумдагы жүгүмдү артынайын.
Эл арасында, мен дагы билинбестен,
Сезсем болду, жашоонун жакшы жайын.



## СЫДЫКОВА АЙБАРЧЫНГА

Сүрөттөн көрүп өзүңдү,
От чачкан кара көзүңдү.
Акылдан турам адашып,
Айтарга таппай сөзүмдү.

Коргошун куюп алгандай,
Ооз ээгим катып калгандай.
Күрмөгө келбей кызыл тил,
Турганым айтчы ал кандай.

Сулуудан сулуу сен экен,
Сен болбой башка ким экен.
Сезимдер толкуп ташкындап,
Сага бир ашык көп экен.

Күнгө окшоп күндө жаркыган,
Гүлгө окшоп жыты аңкыган.
Айбарчын аман жүрө бер,
Көз тийбей жаман жалкыдан.

*Автор: Нуралы Абдырахманов акын*

## КЕЗЕГИ КЕЛСЕ...

Жараткан дилге салат, салуучусун,
Жараткан алып коет, алуучусун.
Жашоо күрөш кымкуут, тополоң,
А биз анда, топуракпыз борпоң.

Бул дүйнөгө келген коноокпуз,
Адам атадан таркаганбыз.
Атам замандан, адам болуп келебиз,
Ичибизге, арман күйүт салып үйөбүз.

Алдыбызда эмне болот, аны билбейбиз,
Пендебиз да өлбөөчүдөй гана сезебиз.
Жарыгы бийик, дүйнө деген чиркин,
Бир күн кезеги келсе, биз да кетебиз...



## ӨМҮР КЫМБАТ

Өмүр кымбат, жашагым келет,
Сар санаадан кыйналып уйкум безет.
Жан дүйнөгө күч кубат пайда болуп,
Небере, чебере жытын жүрөк сезет.

Турмуштун, өйдө- ылдый жолдорунда,
Ийилбестен чыйралып жашап келем.
Жетишпеген жокчулук заманымда,
Тилегим өмүргө башат белем.

Көрө албастын жаман сөзүн көтөрүп,
Тоотпостон, мен басып кетем.
Талыкпастан, элиме кызмат кылып,
Жүрөгүмө көп нерсени катып келем.

Карегимден кылгырып жаш акса да,
Жашайм деп алдыга, максат койдум.
Күн шооласына колум бийик созуп,
Жараткандан жакшылыкты тилеп турдум.

Балдарыма, бүт күчүмдү жумшаймын,
Далбас уруп, кааран уруп чуркаймын.
Жан дүйнөдөн чыккан ырларымды,
Чын дилимден мен силерге арнаймын.

## БАКТЫЛУУ ЭНЕМИН

Чындыгында мен бактылуу энемин,
Балдарым үчүн кам көрүп келемин.
Жашоого чоң үмүт менен келгенмин,
Мезгил өтөт, заман өзгөрөт билемин.

Жашайм бар жогуна түтүп мен,
Жолун карап, балдарымды күтүп мен.
Тилегеним тийсе экен, деп кереги,
Өмүр тилейм, жараткандын берген белеги.

Жанып турса, шам чырак башымда,
Жөлөк болуп турса, болду жанымда.
Балдарыма бакыт тилеп жалынсам,
Алардын жакшылыгын көрүп кубансам.



## УНУТПАДЫМ СЕНИ МЕН

Унутпадым сени мен,
Ошол бойдон экенсиң.
Көргүм келип сени мен.
Сагынтпай гана келсеңчи .

Адамдыгыңды баалаймын мен,
Асыл жандын бирисин сен.
Сени күткөн күткөн мен,
Бакыт деп билгин сен.

Жаштыгым кайтып келсечи,
Сүйүүнүн мээримин сезсеңчи.
Тамчысы тунук сүйүүнүн,
Ардактап баары жүрсөчү.

Ченемин берип өмүрдүн,
Жараткан буйруп тандаган.
Жаш өткөндө кабылып,
Кайда жүрдүң, жашынган.

Толкуган көлдөй сезимдин,
Тереңи болгун деңиздин.
Унутпадым сени мен,
Ошол бойдон экенсиң.

## МАРКУМ БИР БООРУМ МИРХАМИТКЕ

Он гүлдөн бир гүлүң ачылбастан,
Чын дүйнөгө капыстан кете бердиң.
Эми гана 42 жашта нур чачкан,
Жашасаң болмок, бир боорум шашылбастан.

Өксүп, өксүп калдык биз ыйлап,
Шумдугуң кур, ажал деп сыздап.
Жапжаш алган адамды аябаган,
Ажалды жек көрүп, жүрөк сыздап.

Өлүмгө айла жок экен,
Бир боорум кеттиң эртелеп.
Көңүлүбүз чөгүп муңайып,
Жүзүбүздү жаш чайып.

Ак көңүл эле инибиз,
Ишенчээк эле жанда жок.
Балдарың калды артында,
Курандан башка арга жок.

Куда күтүп ырдабай,
Небере көрүп, жыттын жыттабай.
Жашоодо эркин жыргабай,
Жаш кеттиң, сен кайрылбай.

Турабыз азыр кайгырып,
Туугандар сенден айрылып.
Артыңда калган Мунара, Майрамбек,
Аман болсун, кудай ай ылайым!



Ак калпак тойдо кийбедиң,
Тойун көрбөй кызыңдын.
Кырк экиден жашың өтпөстөн,
Кылчайбастан аттий ай, кеттиң...

Уулуңду бактың эркелетип жетелеп,
Уул үйлөп, той бербей аттиң ай…
Уулуңдун уулун жетелеп жүрбөй,
Чоң ата болбой кетиң, аттиң ай...

Кызыңды бактың бөпөлөп ай,
Кызыңдын бой жеткенин көрбөй сен.
Кыз узатып той бербей сен,
Таята болбой кеттиң сен.

Кызың калды чыркырап ыйлап,
Балаң калды, жүрөгү сыздап.
Азап болду бул баарыбызга,
Ак тилектер таш капты калчап.

Жүрөгүмдү мыкчып, мыкчып ыйладым,
Асылдардан калдык айрылып.
Бул кең аалам тардай көрүндү,
Кала бердик, канатыбыздан кайрылып.

Өх, менин бир боорум, мынча шашылдың,
Жер алдына 42 жашыңда жашындың.
Арманда калдык, зыркырап,
Кайгыдан, өксүк болуп басынып.

Узак жолдор, Рязан облусу,
Жакшы элестер Сасово шаарында чубашып.

Мезгил учуп, жолдор барат жарышып,
Сен менен атам кетти табышып.

Силер бар күндөр эми түштөй өңдөнөт.
Силер жөнүндө үмүттөрүм төгүлөт.
Боорубуз бүттүн күндөрдү ойлосом,
Бүт кабыргам бир четинен сөгүлөт.

Эске түшүп, силер бар күнүбүз,
Жан дүйнөмө булук салат түркүн.
Унутулуп калаар бары деп жүрсөм,
Көөдөнүмдөгү күчөп барат куйүтүм.

Өлүмгө айла жок экен,
Курандан башка пайда жок.
Жайыңар жаннаттан болсун!
Эки дүйнө, бейишин берсин! Оомийин!



## ЗАМАН

Заман жакшы каалаганың бары бар,
Издегенди табасың, каалаганыңды аласың.
Ушак уудан күчтүү болот тура,
Ак жүрсөң, беделиң түшпөйт тура.

Ар бир жандын жубайы бар,
Жандашпаса балдар төрөлүшпөйт.
Тирүү жандын, суумайы бар,
Тукумсуз болсо, анда көбөйүшпөйт.

Суу болбосо, гүл дарак дагы,
Боюн керип, гүлдөр көгөрүшпөйт.
Калың жааса кар, көчкү болот,
Батадан көгөргөн зор болот.

Жалганчы, куулук, ач көздүк,
Таш боордук ашынган заман.
Заңгыраган, кооз үйлөр салынган.
Жакшылык, чындык басынган заман,

Жегичтер алдамчылар көбөйгөн заман.
Эл башчылар убаданы аткарбаган заман.

## АЙДАГЫ ЖЫЛДЫЗГА ЖАНАШЫП

Табият берген өңү-түсү,
Шылдырайт булак үнүчү.
Таасири таттуу сезилет,
Жаштарга кызык түнкүсү.

Мажүрүм тал ийилип,
Жашыл көйнөк кийинип.
Тамшана тиктеп көктөгү,
Ай чыгат кашы чийилип.

Айдагы жылдызга жанашып.
Кыз жигит бир бирине жарашып.
Жарты айдын агыш нурлары.
Жаштарды тиктеп карашып.

Ой басып, бүтпөйт сөздөрү,
Жай калкып айдын жарыгы.
Жандаган жылдыздай айдагы,
Көңүл коштошту жайлантып.



## КЫШ КӨРҮНҮШҮ

Кыш кычырап, кыш чилдеси күчүндө.
Беттен алат, аяз чыкса𝐧 үйүндөн.
Баса албайсың, тайгак жолдон.
Күрткү жатат тоодой үйүлгөн.

Шамал ызырынып ышкырып,
Карларды чаң сыяктуу учурат.
Сыртка чыксаң жолоочулар.
Үйлөрүнө тез жетсем деп шашылат.

Тоолор калың карга көмүлгөн,
Кыш кычырап түйшүк менен алышып.
Эртең менен кечинде кар күрөлүп.
Тиричилик өтүп жатат жарышып.

## МАРКУМ АТАМ СЫДЫКОВ ЖАПАНГА

Үрүл- барал таң заарда туруп,
Окуйт эле, калтырбай намазын.
Бата тилеп, жараткандан баарысына,
Таң сыңары , шайдоот эле, жарк күлүп.

Атакем, кутубуз туура үйүбүздүн.
Анын сөзү, акылдын көзү өмүрдүн.
Бул жалгандын сыноосунан агарган,
Айбат берген, ак сакалы, ак чачы…

Баскан изден жакшылыгы төгүлүп,
Кайраты мол, карысы эле үйүбүздүн.
Аруу болчу, асыл жандын тилеги.
Той болсун!- деп бата берип, ак ниети.

Касиеттүү асыл жандын бири эле,
Байлык, бийликке кызыкпаган жан эле.
Жан дүйнөсү жаш баладай, таза эле.
Боорукерлиги, пайгамбардай бар эле.

Жан дүйнөсү жаш баладай, таза эле.
Боорукерлиги, пайгамбардай бар эле.



## ООРУБАЧЫ, ЖАНЫМ

Оорубачы, жаным оорубачы,
Санаага салып, башыңды.
Капа болуп, кайгырбачы,
Жаратканда, шыпаа гана сурачы.

Жараткан берсин, шыпаасын.
Ал, берилген сыноо да.
Сабыр менен жеңели.
Алладан, шыпаа гана тилейли.

Баары бар, ден – соолукта керек.
Көңүлгө, мээрим да эң керек.
Жаныңда болсо, жакының.
Бул дагы, сага чоң белек.

Жараткан, баарысына калыс.
Тегиздеп коет, ал ансыз.
Көкүрөк дээри менен сезгендер.
Жаратканга, шүгүр кылат билгендер.

Жаным, оорубачы! ооруба,
Капа болуп, кайгыга алдырба!
Баары, жакшы болот кайгырба!
Суранамын, эч убакта ооруба!

## ЖАНЫМДАН АЛЫССЫҢ

Жакын туруп, жанымдан алыссың,
Сыйкырлап, оорудан арылтасың.
Көңүлгө баарын да батырасың,
Кир калтырбай, гана аруулайсың.

Көңүлдү аруулап учурасың,
Жан дүйнөмдү гана жаңыртасың.
Өмүргө дем берип, жайылтасың,
Асыл сөзгө, көңүлдү кубантасың.

Жакын туруп, жанымдан алыссың,
Жүрөктүн түпкүрүнөн алыпсың.
Үй- бүлөң бар, сени аяп турам,
Жөнөкөйлүгүң менен жагыпсың.



## ШИҢГИЛДЕР

Акыйкаттык жок окшойт,
Аны издеп таппайсың.
Бул заманда керек болсо,
Өз энеңе жакпайсың.

***

Акча, акча баарына керек.
Сага да, мага да, ага да керек.
Акча болсо, баарын сатып аласың.
Көңүлүң каалаган жагыңа барасың.

***

Турмуш кыйын, татаал жолду бастырган,
Таттуу – ачуусун да бирге адамдарга таттырган.
Башка салса, көтөрбөскө айла жок,
Чыдайсың, тагдырыңа жазылган.

***

Жайлоонун жыпар жыттуу абасын,
Жуткум келет, кере-кере дайыма.
Алыстамын баш ийип тагдырга,
Бара албаймын, сагынганда жаныңа.

## КУТ КОНСУН

Өз жашоосун түптөгөн,
Өзүнө жоопкерчиликти жүктөгөн,
Жакшыны көрсөм сүйүнөм,
Жалкоолук менен жүрбөгөн.

Улуу-кичүүнү сыйлаган,
Адилеттүүлүк жолун сүйлөгөн.
Мындай адамдардын баарысын,
Кимдер, ардактап сүйбөгөн.

Калк ичинде көп болсун,
Эли журтун бирге ойлосун.
Баары, баары тең болуп,
Эли-журтка ырыс кут консун.



## УЛАН КОШМАТОВГО

Шүгүр, деймин ар дайым,
Эл кызматында жүргөн Улан.
Калайык-калк, журт үчүн,
Талыкпай, иште жаш чакта.

Оор болот, албетте эл жүгү,
Кудай жолуна баштаганың.
Жашоо күрөш, чоң жарыш,
Пайгамбардын жолун улагын.

Эки тизгин, бир чылбыр,
Колуңа алып кармагын.
Манастан ураан чакырып,
Кыргыздын кыраны болгун.

Көптүн бири болуп,
Атың чыксын кыргызга.
Кучагын жайып кең аалам.
Кадырың, өссүн калкыңа.

*23.09.18.*

## БИРӨӨГӨ БАЛАСЫҢ

Ниетиңе жараша,
Орундалат тилегиң.
А дегенде адамсың,
Аны унутсаң жамансың.

Шаардан алыс чыкпайсың,
Өтө назик кыздайсың.
Сен айтканды укпайсың,
Жашоого, сен бышпайсың.

Эл барган жакка барасың,
Сен да бирөөгө, баласың.
Көрүнүп турсун, ак жүзүң,
Үй- бүлөңдү, багасың.



## КАЙРЫМДУУ БОЛ!

Тууган –урук калың – журттун ичинде,
Оо, жараткан, айдан –аман,
Жылдан эсен кыла көр!
Алсыз жетим, жесир бечарага,
Айланайын, көңүлүңдү бура көр!
Оо, жараткан, көңүлүңдү бура көр!

Ай жаңырып,чачсын жарыгын,
Алсыздардын тилегин, бере көр.
Арманын да калтырбастан бирөөнүн,
Арбын – дөөлөттү кошо бере көр!

Мезгил учту бакыт үйгө келсин деп,
Мурдагыдай кыйналбадык, азыр биз деп.
Муңду угуп, кайрымдуулар көбөйдү,
Мерез жандар арабызда азайсын деп.

Аты чыгып, кайрымдуулар асманга,
Жакшылыктан кабар берип жатканда.
Алкыш, урмат кайрымдуулук жолун ачканга,
Кайрымдуу бол! адам көңүлүн тапканга.

## КЕЛ

Жакшыларга түнөп кел,
Хан ордосун көрүп кел.
Чыккандардын асылын,
Жандап, сүрөп ала кел.

Тапшырманы бүтүп кел,
Самолетто түшүп кел.
Беш жылга мелдешип,
Келишимди түзүп кел.

Арам иштен, алыс жүр,
Жакшы тарбия, алып кел.
Татынакай күчтүү кезинде,
Дүйнө кезип, көрүп кел.



## УЧКУН КАНАТ

Бул дүйнөдө укмуштарды жасаган,
Таланттуулар бар, арабызда жашаган.
Жерден, айга жол ачкан,
Бүт ааламга, жар салган.

Жаңы бир доор башталды,
Өнүгүүгө зор жол жасалды.
Адам акылын эске алсак,
Айга барып жашоого аз калды.

Калыбынан азырынча өзгөрбөй,
Күз, кыш, жай, жаз калды.
Аман жүрсөк, кызыктарга күбөбүз,
Кайрымдуулукта адам жүзүн көрөбүз.

Тыңша сен, адам жүрөгүн,
Биздин доордун акыйкаттуу сөздөрүн.
Учкун канат, бүт дүйнөнү кыдыргын,
Дүйнө элдин кулагына угулгун!

## ТЕЛЕФОН

Телефонду колго алып,
Кайра чөнтөккө салып.
Номериңди теремин шашып,
Албайсың, кайра чалып.

Телефон менен сүйлөшөмүн,
Сезсең, жүрөктүн өйүгөнүн.
Сагыныч, кыйнады эзип,
Эркиме койбой, темитип.

Телефонду карайм шыңгыраса,
Сен экен деп шашыла.
Аттиң ай, кабар жок,
Күтүүдөн башка, арга жок.



## АЛМА БАГЫ

Күзүндө алма багын аралап мен,
Күзүндө берекесин көрдүм кенен.
Эсимде үйдүн чоң багында,
Эзилип отурганым атам менен.

Алма бакка чыгы келип сары кыз,
Жүрөгүбүзгө бүлүк салды тыз-тыз.
Шаңкылдап, назик үнүн ырын созуп,
Чын эле ошол күн эстен чыккыс.

Ачарга көңүлүбүздү, баары бар,
Жарышып радио сүйлөйт, тыңда.
Жаркырап жарык шамы айлыбызда,
Келишкен кооз үйлөр мында.

## САМАНЧЫНЫН ЖОЛУ

Саманчынын жолу, айтып бүткүс узак жол,
Азап , арман кыйынчылыктарды тарткан жол.
От жагылбай, үйү муздак, көздө жаш, көкүрөккө
муң толгон,
Жер –эне тынч, асманда гана жапжарык ай толгон.

Толгонай санаа тартып, карып бүттү,
Күттүүдөн канча өмүр азап менен өттү.
Уулдарын күтүп, сүйгөн жардын күйүтүнөн,
Муңайып Жер-энеге жашын төктү.

Толгонай тоодой жүктүү көтөрүп келди,
Арманды, азапты жоготууну жеңип келди.
Кыргыздын тукуму улансын деп,
Алимандын баласын, сүйүп келди.

Жер-эне менен сырдашып, айлуу түндө,
Кубат алып, күч алып күнүгө.
Акыл калчап, баар күчүн жыйып,
Толгонай кылымга калды барктальп.



## ЧЫНЫН АЙТСАМ

Өмүрдүн татаал жолу көп экен,
Өзгөрүшү, өзгөлөрдөн бат экен.
Жакшы, жаманды байкап жүргөн адамга,
Чынын айтсам: бузук иштер жат экен.

Дос, бул турмушта бар чыгар,
Артыңдан бузукулук кылгандар.
Саны алардын, бара жатат азайып,
Бейишке кирбейт, такыр мындайлар!

## ЭЛИ СОНУН КЫРГЫЗДЫН

Бейишинде жеримдин,
Кенинде – берекенин.
Тоолору бийик, суугa бай,
Жери сонун – кыргыздын.

Борборунда бейиштин,
Калаасында ырыстын.
Агыл-төгүл жайнаган,
Пейили сонун кыргыздын.

Асылдары арасында,
Замандашы Чынгыз да.
Айкөл Манастан таркаган,
Эли сонун Кыргыздын.



## ӨЧҮРБӨЙ ҮМҮТ

Дайыңды таптым, Ошумдан кезиктирдим,
Жылдар өтүп, биз баскан жолдор бир экен.
Жолугаар мага, бир күн келет деп,
Өчүрбөй үмүт, күткөнүм сен экен.

Дайыңды билдим, жаныңда болуп,
Бой таштап барам, көңүл толуп.
Гүл багын аралап ал мени тосуп,
Махабат калаасында нур болуп.

Дайыңды, үйүңдү, өзүңдү билдим,
Эңсеген адамды, жашоодо кезиктирдим.
Кут конгон бактыма шүгүр келтирдим,
Жүрөгүмдөн, сага сүйүүмдү жибердим.

## ПОЭЗИЯ

Кыйналып чөйрөм тарып ашындырбай,
Жазганыма чиймелеп алымсынбай.
Бурганактай бороон уруп бир тартып,
Жазылмак кайда, Алыкулдун ыр сабындай.

Түйшүктүү түн калем жылбай,
Суу жетпеген чөптүн кабыгындай.
Сан жагын бербестен издеп,
Коркоктукту берген бейм мага кудай.

Залкарлар жазган эле жаны тынбай,
Азыркы муун жазбайт, Байдылдадай.
Эргүүнү дайым күтөт поэзия,
Ырларым сүйүп келет калыстыкты ай.



## АТА ЖУРТУМ

Сезели Ата Журттун улуулугун,
Келтирип көз алдыга сулуулугун.
Канча жолу ыр жазылса да,
Балалыкта сезбептирмин сырдуулугун.

Ата журтум кереметтүү көрүнөсүң,
Бейиштей жерибизди, эч ким жерибесин.
Жайлуу жайды кыргыздарга бергенсиң,
Жашоонун көркү ынтымак экенсиң.

Баарынан ыйык көрөм Ата Журтум,
Туулган жердин алтын го топурагың.
Ак калпак кийген өңдү чокуларың,
Даңктап ырларды жазат акындарың.

## БҮГҮН БАРСЫҢ...

Бүгүн барсың чыраксың,
Эртең жоксуң топураксың.
Жакшылар менен жүрсөң,
Мөмөлүү гана шактайсың.

Мансаптуу адамды карайсың,
Ийилип, тизе бүгүп ишине жарайсың.
Бей-бечарага корс тийип,
Шылтоолоп, артынан шыбайсың.

Бар дүйнөңдү түркүккө тенейсиң,
Байлыгың бар, жан дүйнөн кедейсиң.
Адамды, кедей, бай деп иргейсиң,
Бечараны көзгө илбейсиң.

Тирүүңдө жанган чыраксың,
Көзүң өткөн соң топураксың.
Тирүүлүктө сыйлашалы,
Өмүр кыска, баарын ардактайлы.



## КЭЭ КҮНДӨРҮ

Кээ күндөрү жакшыларга жолугабыз,
Кээде капысынан басып жүрүп чалынабыз.
Ишенип, алдамчынын бал тилине,
Байкабай, сурабастан кабылабыз.

Кээде, кээ бирибиз махабаттан айрылабыз,
Алдады деп арман айтып кайгырабыз.
Билинбестен күчү болот, махабаттын,
Билинбей, сүйүү ийнесин сайдырабыз.

Көрүнбөй калса, күн өтсө, сагынабыз,
Качан келет, эми деп кудайга жалынабыз.
Арабызга аралап ушак кирсе,
Ачык күндүн, кара түнүн жамынабыз.

Кара өзгөйгө, ушакчыга таарынабыз,
Отту өзөккө коюп тамызабыз.
Ушакчынын уу тилине ишенип,
Уу ичкенге ушунчалык камынабыз.

## БИЛЕ АЛБАЙ

Жылуу сөздү айталбай,
Жаккан гүлдү табалбай.
Билмексен болуп,
Жүргөнүм кандай?

Коркоктугум болсо керек,
Ал жагын эске албай.
Жүрөмүн шашылбай,
Жүрөк гана чанбай.

Сөзүндө гүлдүн гана,
Жагымдуу жыты бардай.
Көрүндүң мага кандай?
Жүрөм, ошону биле албай.



## КИМ

Ким сүйүп калса, сүйүнбөсүн,
Ким таарынычка күйүнбөсүн,
Ким жакшы сөзгө эзилбесин,
Ким бактылуу болуўну эңсебесин.

Арманды көп эле айтпайынчы,
Махабатты араздашпай жактайынчы.
Арманы күч адамдан ыр чыгат,
Жакшы сөздү айткандан качпайынчы.

Өзүмдү -өзүм күндө тактайынчы,
Назик жүрөгүмдү, гана аяйынчы.
Мендик эмес махабатты зордой албайм,
Жигит жүрөгүн жалган деп какпайынчы.

## ЖҮРӨГҮМ СҮЙҮП КАЛГАНБЫ?

Кырчындын жайлоосунда басармын,
Жашап өткөн күндөрүмдү жазармын.
Өмүрүмдүн токтобогон суудай болуп,
Асылдыгын, жакшылыгын айтамын.

Ырлар турат жүрөгүмдө жазылбай,
Ырлар жатат канчалаган ачылбай.
Бул жашоонун көп толгон түйшүгүн,
Ак кагазга жаздым калтырбай.

Бырыш аппак өңүмдү басканда,
Жаш чагым өтүп, калганда.
Кусалык эзип жатпайбы?
Жүрөгүм, сүйүп калганбы?



## ӨТКӨН ӨМҮР ЖОМОКТОРГО АЙЛАНДЫ

Жакшылык күндү тосомун,
Өткөндү эстеп толгономун.
Ушул күндү мага көрсөткөн,
Кудайга гана ыраазы боломун.

Жашоонун эң сонун күндөрү,
Өткөн өмүр жомокторго айланды.
Канчалар эңсеп жетпеген,
Жакшы мамиле, махабатка байланды.

Сүйөлү, кадырга гана жетели,
Бул жашоонун мүрөк суусун ичели.
Бул өмүрдүн тунук суусун кечели,
Ойлоп койгон, максаттарга жетели.

## ПИР ТҮНӨП КАЛГАН ҮЙҮМӨ

Тынчтык заманда,
Курчалып гүл багы айлана.
Ордодо балдарым бапырап,
Той болсун, күнүгө шаттана.

Кут түшкөн менин үйүмө,
Балдарым өзү мага дүйнө.
Пирлердин болуп түнөгү,
Пир түнөп калган үйүмө.



## СҮЙҮП КАЛСАҢ, АРГАҢ ЖОК

Сени эңсеп самаймын,
Жолуңду күтүп караймын.
Жүрөгүмдү күйүп жандырган,
Жок бекен, мендей адамың.

Өзүңдү эңсеп самаймын,
Өткөргөн ошол күндөрдү.
Кайрадан кантип табамын,
Оюмда ошол күнгө барамын.

Айлана жарык шаңданып,
Жүрөгүм сыздап муңканып.
Сыртың жалын, ичиң чок,
Сүйүп калсаң, аргаң жок.

## АК ШУМКАРЫМ

Ак шумкарым, куш келипсиң багыма,
Конуп турчу, конуп турчу учуп кетпей шагында.
Көп арзууга жүрөгүмдөн жетпедим,
Түнөп калчы, түнөп калчы кетип калбай багымда.

Учкан куштай убакыт зымырап,
Кетейинчи, кетейинчи канат каккан куш болуп.
Жолдорумдан адаштырбай жараткан,
Сыйкырлап, сыйкырлап алып кетчи алыс тараптан.



## КҮЙДҮМ ЧОК

«Күйдүм чок» деп күйүп-жаңып ырдагыдай,
Күйүттүү жүрөк бүгүн сени козгоп.
Атай созгон ашыглык обондорун,
Бозой ырдайт, күнү-түнү тынбай боздоп.

«Алымканды» боздоткон Мыскал үнү,
Жүрөктөрдүн төрүнөн түнөк тапкан.
Жагымдуу үнү менен, таңшып ырдап,
Элине булбул болуп нурун чачкан.

Муратаалы кыягын жалпы тыңдап,
Мусакенин ырлары элге жаккан.
Карамолдо күүлөрү шамалга агып,
Болоттун коңур үнү аба жарган.

Тууганбайды туу кылып чыккан эли,
Эстебестин термесин уккан эли.
Рыспайдын ырларын эргип угуп.
Ак шумкардай канатын каккан эли.

Саякбай «Манасты» аян кылып айтып,
Таттыбүнүн ажары баарына жагып.
Сүймөнкул «Кызыл алманы» тартып.
Чыңгыз кыргызды дүйнөгө таанытып.

Аксуубайдын ырлары калкка жагып,
«Чагылганы» асманда булут жарып.
«Он сегизди» созчу эле Зейнеп эже.
Оюнга тойбос жаштык кемесинде.

## ЖҮРСӨҢ ЭКЕН, МАГА ТИРЕК БОЛУП

Жашоонун чыйыр жолдорунда басамын,
Калагы жок суусунда агамын.
Үмүт үзбөй, жаратқандан суранып,
Бата тилеп, балдарыма жалынып.

Акыл жетип, билгенимди айтамын,
Жакшылардын катарында басамын.
Күн өткөн сайын аттиң ай,
Жаштык өтүп, улгайып баратамын.

Табиятка мен суктанып караймын,
Ийгиликтин көп болушун самаймын.
Кайда болсо жакындарым тынч болуп,
Өмүрлөрү узак болуусун каалаймын.

Балалык күндөрүмдү сагынамын,
Аргасыздан, буйруган жашоого багынамын.
Жүрөктөгү кубанычка шерик болуп,
Жүрсөң экен, мага тирек болуп.



## ЖАШООГО БЕЛЕК КЫЛЫП ЖАЗДЫРЫП

Мамилебиз оттой жанды,
Оюбуз, дилибиз тазарып.
Бири бирибизге сынаттык,
Күмөндөгөн ойлордон арылып.

Көзүң жайнап, күлдүң каткырып,
Көңүлүмдү турдуң шат кылып.
Эркелетип айткан «чырагым» сөзү,
Элжиретип коет мас кылып.

Мезгил улам алга шаштырып,
Өттү күндөр, улам барат ашыгып.
Сезимдеги кыялдарга эч тойбой.
Жашоого белек кылып жаздырып.

## ЖҮРӨГҮН ГАНА ООРУТПАСАҢ

Түшүмө күндө киресиң,
Азапка мени саласың.
Түйшөлткөн ойдун тереңи,
Түбүнө жете албайсың.

Мен өзүңдөн суранам,
Жашоомдо сен жолуксаң.
Күйгөн жандын сен үчүн,
Жүрөгүн гана оорутпасаң.



## КЕЛЕБИ КАЙРА АЛ КҮНДӨР

Көл жээгинде жүрө бердик сырдашып,
Бакыттын, ооматтын ташын алып.
Сүйүүбүзгө күбө болуп көлүм,
Көл толкуну жээкке калкып.

Ар убакта ошол күндөр элестейт,
Биз өткөргөн айлуу түндөр.
Келеби, кайра ал күндөр,
Сезимге жылуулугу бар түндөр.

Издеп мени кайра келесиңби,
Өмүр гүлүн бирге тересиңби.
Сакталдың жүрөктүн толтосунда,
Көлүм, бизге күбө болуп бересиңби.

## САГЫНДЫМ

Сагындым неге мынча сагындырдың,
Табышмактуу күчүң менен багындырдың.
Жүрөгүм ооруп турат сезбейсиңби,
Сен дагы мени гана эстейсиңби.

Менин үмүтүмдү актайсыңбы,
Чырагым кандай күндө экен деп.
Бир жолугуп мага кетпейсиңби,
Мен сыяктуу ар күнү эстейсиңби

Сагындым неге мынча сагындырдың,
Жөнөкөй мүнөзүң менен багындырдың,
Дегдетип бир көрүүгө өзүңдү,
Тагдырдын жазмышына жалындырдың.



## КУСАЛЫК

Көөдөндү кусалык уялайт,
Суз тартып көңүлүм баратат ай.
Туш-туштан ойлорум курчап,
Өткөндү эске салып саматат ай.

Жүрөктү кыйнады алсыздык,
Өңүнөн азгырып чүрөктү.
Келээр деп кайрылып күткөнү,
Ойлордун аягы бүтпөдү.

Күнүгө караймын жолуңду,
Кармасам экен колуңду.
Дегдеп сени деп самаган,
Сезсең экен агатай оюмду.

Кыйнадың сен жанымды,
Сурасаңыз азаптуу алымды.
Кусалуу дарт чалган жүрөгүм,
Бул жашоого, тагдырга багынды.

## ЖАШАЙМЫН ҮМҮТ МЕНЕН

Жашаймын үмүт менен,
Ак шумкарым күтөм сени.
Мээримдүү мээрим менен,
Бакыт, кушу конот деген.

Жашай берет сүйүүм,
Мени менен түбөлүк.
Сүйүүлөр ыйык деген,
Түбү деңиздей терең.

Бактылуу болуу менен,
Тандаган гүлүң менен.
Жүрөктү жылыткан сөз,
Жашаймын үмүт менен.



## КАЛДЫМБЫ, ЖҮРӨГҮМДӨН ЖАКТЫРЫП

Сизге кээде жолуканда,
Көргөн сайын сүйүүм артып.
Махабатым артып барат,
Жүрөгүмдү гана жаш кылып.

Телефон чалып калса шашылып,
Сүйлөдүм сагынычты жашырып.
Жай сүйлөп, кош айтыштык кетээрде,
Бирге, баскым келет чакырып.

Калдымбы жүрөгүмдөн жактырып,
Махабатка койдуң беле мас кылып.
Неге мынча эстейм өзүңдү,
Назик сезимимди азгырып.

## ГЕЗИТ БЕТТЕРИНЕ ЖАРЫЯЛАНГАН МАТЕРИАЛДАРДАН

### КАМЫР-ТАШ КОҢУР-ДӨБӨ

***(Ош областынын Алай районундагы Камыр-Таш Коңур-Дөбө айылы)***

Табияттын не деген сулуулуктары шар аккан суулары, мөлтүр булагы, сайраган түркүн куштары, асман тиреген ак ала булуттары, таза абасы, айдын апакай шооласы. Күндүн нуру бейпил турмуш бүтүндөй адам пендесине тартууланган.

Ушунун баары Алла Тааланын биз үчүн көргөн камкордугу. Карапайым элде касиет бар. Өздөрү билбегени менен сезимдери тунук жана туруктуу кандай тагдыр туш келсе да көтөрөт, макул болушат. Элдин арасында мазарлуу жер, ыйык жер, касиеттүү жерлерди сый-урмат менен аздектеп келишет. Ушундай касиеттүү жерлерибиздин бири болгон айтылуу аты алыска кеткен даңазалуу Алай районунун Коңур-Дөбө айылынын "Камыр-Таш" деп аталган жаратылышы кооз, абасы таза, тоосу бийик, көз жоосун алган ажайып кооз касиеттүү жери жөнүндө сөз кылсак. Бул жерден деңиз деңгээлинен бийиктиги 2800 м. ал эми Ош шаарынан аралыгы 70 чакырым алыстыкта жайгашкан. Аймактык радиорелейлик магистралдарынын телекөрсөтүү жана радиоуктуруу түйүнү Гүлчө PPC-34 станциясы жайгашкан. Жергиликтүү элдерге белгилүү болгон "Камыр-Таш" деп аталган касиеттүү жер да ушул жайда. Уламыштарга караганда 16-кылымдарда жашап келген ата-бабалар ушул жайды ыйык тутуп келишкен "Камыр-Таш" деп аталып калуусу жөнүндө:



"Илгери-илгери бир өткөн бир заманда байдын байбичеси болгон экен. Ал абдан келинине каардуу болуп, эч качан келинине жакшы мамиле жасабай, жасаган иштеринен кемчилик таап, каргап шилеп турчу экен. Анткени келини кедей кишинин кызы болгондуктан, келинин каргап таш болуп кал деген экен. Келин таш болуп катып калган дешет. Камыр таштын бетине ар түрдүү жаныбарлардын издери түшүп калат. Бул жайга баласыздар бала тилеп, келип кетип турушат. Карапайым эл жылуу сөз, жумшак мамиле, муну алар ушул жерден издеп келишет. "Бел-Башат" деп аталган булактын даамынын өзгөчө касиети бар. Меккедеги "Замзам" булактын даамынын касиетине окшоштугун айтышкан. Зыяратка келип кетишкендер. Ошондуктан, "Арпа тектир" айылындагы мечит да "Замзам" мечити деп атап коюшкан. Ар бир адамды кудайындай сыйла, ошол сенин адамдык сапатың. Ыйык жердин ыйык сакталышы, коргоого алынышы, дегеле айлана-чөйрөнүн жашылдандырылышы адамга эргүүнү, сыймыктанууну, пайда кылбай койбойт. Бабалар баскан улуу, ыйык жолду табуу менен касиеттүү жерибизге барган ар бир кадамыбыз ак жолтой, ак тилектер менен коштолсун.

***«Салык экспресс» гезити***

## ЭКӨӨ ТЕҢ ЭЛДИН УУЛУ

Алай кереметтүү, кудуреттүү жер. Мына ушундай кут жылоологон касиеттүү Алай жеринен канчалаган ак жүрөк акылдуу азаматтар чыгып, элинин кызматына жарап, элдин алкоосуна татыктуу болгон.

Казак жазуучусу М. Ауэзов: "Турмуш деген деңиз сымал, толкун артынан толкун келет. Ошол толкундун алды агалар, ал эми арткы толкуну инилер",-дегендей, акын кандай сонун салыштырган. Бул-турмуштагы көрүнүш. "Аганы көрүп, ини өсөт, эжени көрүп, синди өсөт",-дегендей турмуштан сабак алып, үлгү алып жашабасак болбойт тура.

Эл үчүн кызмат кылып, азаматтардын аркасынан эстафетаны токтотпостон улантып турган азаматтардын чыгып турушу ал элдин бактысы, элдин ырысы. Чындыгында ошондой кут даарыган элдин уучу кур болбойт экен. Ар бир доор өзүнүн мезгилине жарай турган азаматтарды жаратат. Алардын бар экенине шүгүр дейли. Аллага шүгүр.

Ошондой бычакка сап боло турган, элинин түйшүгүн туюп, ага кам көрө турган ак ниет, чынчыл таза эр азаматтардын бири "Пэрити Коал" ЖЧКнын башкы директору Бердибай Примов.

Бердибай Примовдун өмүр таржымалын окуп чыккан ар бир эле инсан Бердибай аке жөнөкөйдөн татаалга, төмөндөн жогоруну көздөй ар бир баскычты басып өтүп, турмуштун мектебинен таалим-тарбия алып, бүгүнкү күндө элдин кадырлоосуна, ыраазычылыгына татып турганы да бекер жеринен эместир.



Ар бир айылдын тең салмагын сактаган ардактуу, эл ишенген адамы болот. Элди оңдоп, түзөп туруучу эл арасында сыйга татыган адамы, акылман кеңешчилери бар. Ошондой адамдарга Бердибай Примов агайыбыздын ысымын кошсок болот.

Эл үчүн жаса эмгекти, элиңдин калсын эсинде деген улуу сөздер акылман инсандардын жан дүйнөсүнөн жаралган. Андыктан ушул сөзгө тете эмгек кылып, эл эсинде калсам деген инсандарыбыз жок эмес. Бердибай Примов ушул максатты көздөгөн атуулдарыбыздын бири.

Элдин арасында чын жүрөгүнөн ыраазычылык билдирүүнү каалагандар көп, алардын айрымдарын билдирип койсок туура болот деп ойлойбуз.

**Жылдыз Зулпукарова, почта кызматкери:**

- Дайыма эл үчүн кызмат кылган, карапайым калкка кам көргөн инсан. Сөзүм кур болбосун, Камбар Мазировго үй салып берди.

**Бурул Самиева, жазуучу:**

- Ар бир адамда сөзсүз башкалар билбеген маселеси бар. Ар кимге эле барып айта албайсың. Бирок, Бердибай аке адамдарга жакын бир тугандай мамиле жасаган, кыраакы адам. Бул адамдагы өзгөчөлүк, касиет десем да болот. Мага да эки тонна көмүр берип жардамын аябады.

Бердибай Примов жөнөкөй карапайым калктын жашоо турмушун жакындан көрүп, жардам берет. Жемиштүү эмгек жерде калбайт деген элибизде жакшы сөз бар эмеспи.

Атадан таалим-тарбия алган элдин уулу болгон Примов Уландын аткарып жаткан иштерин айта кетпесек болбойт. Азыркы учурда Ош шаардык

Кеңештин төрагасы. Эл үчүн жасаган ак эмгегин абийирдүүлүк менен аткарып келүүдө. Демек, турмуш деңизинде эл үчүн келе жаткан эстафетаны токтотпостон улантып келе жатканы баарыбызды кубантат. Экөө тең элдин уулу экени чындык сөз экендиги талашсыз. Жакшы адамдын баркы бар, баалай турган калкы бар. Бар болуңуздар!

***«Ош жаңырыгы» гезити***

***«Аялдар» жылынын урматына***

## ӨРӨӨНДҮН ӨРНӨКТҮҮ АЙЫМДАРЫ

Республикабыздын президенти, өкмөтү, Жогорку Кеңеши тарабынан 1996-жылды-аялдар жылы аталышы-аялдар коомунун табиятына тиешелүү болуп, аялдардын үмүтүнө жараша жакшы иштерди жаратуу, аларга мамлекеттик шарт түзүү, социалдык экономикалык базар мамилесиндеги, турмушубуздагы, социалдык чөйрөдөгү аял-затынын ордун бекемдөө, камсыздандыруу, окутуу, дарылоо, жумуш менен камсыз кылуу боюнча укуктарын, мамлекеттик маанидеги милдеттерин таанытуу болуп саналат. Республика боюнча жетекчи аялдардын өсүмү бүгүнкү күнгө чейин 36 гана пайызды түзүп отурат. Билим берүүнүн илимдер тармагында 16 пайызга өстү. Ошондой эле мааниде



биздин райондо да аялдардын орду айтарга татыктуу эле. Билим тармагында 60, медицина тармагында 70, ал эми, жетекчиликте иштеген айымдар 4 гана пайызга барабар. Анан калса бир топ билимдүү айымдарыбыз жумуш тийбестен үй кызматында отуруп калышты. Кымбатчылык кабыргадан, жокчулук жондон алып турганда бир тобу коммерциялык иштерге өтө качып, анчалык билинбей калганы да ошондон. Кантсе да, 70 пайызга теңдешкени жумушсуз үйлөрүндө отурат.

Ошондой болсо да, өрөөндө өрнөктүү айылдарыбыз менен сыймыктанууга болот. Алсак, билим тармагында талыкпай эмгектенип келаткан, Чакмак-Суу айылдыгы мектептин жогорку даражалуу мугалими А. Чотбаева, райондук кесипчилик техникалык окуу жайынын директорунун окуу иштери боюнча орун-басары Бейшеева Бактыгүл, Каныш-Кыя орто мектебинен алдыңкы мугалимдеринен Д.Нуралиева, А.Сыдыкова, жогорку класстардын мугалимдеринен А.Алыбаева, П.Нурумбетова, «жыл мугалиминин» облустук маанидеги жеңүүчүсү Г.Аматова, билимдин «отличниги» А.Кыдыралиева, эл депутаттарынын райондук Кеңешинин жооптуу катчысы А.Эрматова, райондун почта байланышынын эсеп кызматкери З.Арзыматова, райондук оорукананын төрөт-үйүнүн башчысы акушер-гинеколог М.Жолдубаева, Жаңы-Базар айылынын медициналык аптекасынын кызматкери, У.Анарбаева, «Чаткал оттору» гезитинин жооптуу катчысы Сатимова Санамжан, Чаткал орто мектебинин отличник мугалими Алыбаева, Ак-Таш айылынын тургуну, 10 баланы тарбиялап өстүргөн баатыр эне Кулушова Орункүл сыяктуу толуп жаткан эмгекчил айымдардын атын атоого болот. Алар

өрөөнүбүздүн өрнөктүү айымдары. Алардын үй-бүлөдө, коомчулукта, өздөрү иштеген мекеме-уюмда, ишканасында, билим жана саламаттык сактоодо, маданият тармагында өз ара сыйлашуу мамилелери, алардын улууларды урматтаган ызаттары, жүрүм-турумдарынын үлгүлүү жактары башкаларга өзүнүн оң таасирин тийгизип, иштеринде ийгилик жаратып, үй-бүлөдө жеке эле оокат эмес, чоң ата, чоң энелердин акыл-насааттарынан, улуулардын жүрүм-турумунан, адамдарга, айлана-чөйрөгө жасаган мамилелеринен да таалим алууга болот. «Жакшы ой, жакшы сөз эскирбейт» дегендей жогоруда аты аталган ардактуу айымдар менен сыймыктанабыз. Алардын таасирдүү иштери муундан муунга өтүп, өрнөктөрү өйдөлөп кете бермекчи.

***Т. Миңбай уулу,***
***1996-жыл «Чаткал оттору» гезити***





## Акындын сүрөт альбомунан



Маркум атам Сыдыков Жапан



Ата-энем, небереси Анжелика менен





Атам Жапан Сулайман-Тоосунда зыяратта





Апам Сыдыкова Талбу



Апам небереси Нурмира менен



Маркум бир тууган иним Сыдыков Махмуд



Маркум бир тууган иним Сыдыков Мирхамит



*Чаткал р-н Коргон-Сай а-н 1975-жылы туулган Сыдыков Мирхамиттин классташтары тургузган эстелик*



*Кочкорбаев Мукаш. 1985-жылы түшкөн сүрөт. (30.03.1967-ж., 9.08.2002-ж.)*



*Бир вида туугаn иним Сыдыков Мухиддин*



*2015-жыл*





*Бир тууган сиңдим Сыдыкова Аида*



*Мирхамит кызы Мунара, Мирхамит уулу Майрамбек*



*Мукаш уулу Кыял*



*Мукаш кызы Нурмира*



*Кызым Нурмира, күйөө балам Алтынбек*



*Неберелерим Бекнур, Алинур*




*Неберем Бекнур*



*Мирхамит кызы Мунара*





*Мухиддин кызы Асема, Мухиддин уулу Нурэл*



*Уулум Кыял менен*



*Кайын журтум менен тойдо. 12.09.2015-жыл*

## Эс алуу учуру







## ИШ УЧУРУНАН БИР ЭЛЕС











*Туугандар менен*





*«ЭлТР» МТРКсынын эмгек жамааты*




Оштук чыгармачыл инсандардын жолугушуу кечеси





Тургунбай Садыков атындагы көркөм өнөр сүрөт музейинин эмгек жамааты

## Мазмуну


Кириш сөз........ 3
Сезим........ 5
Ата Мекен........ 6
Агай........ 7
Периштеңе айланайын түн менен........ 8
Сага арнап........ 9
Эх, жаштык........ 10
Сүйүү ооматты келди........ 11
Өзүң да сүйө бил........ 12
Токто өмүр........ 13
Жай кечи........ 14
Мен унутам........ 15
Ырларым........ 16
Сабырың жетеби........ 17
Эмнени күтөм........ 18
Эрксиз болдум окшойт........ 19
Сен экөөбүз........ 20
Сыр каткан........ 21
Сага келдим........ 22
Биз биргебиз........ 23
Унутам........ 24
Кут толоор........ 25
Сенсиң........ 26
Сен экенсиң........ 27
Чыныңды айтчы жашырбай........ 28
Мен болоюн........ 29
Суранам........ 30
Сыдыкова Айбарчынга........ 31
Кезеги келсе........ 32
Өмүр кымбат........ 33
Бактылуу энемин........ 34
Унутпадым сени мен........ 35
Маркум бир боорум Мирхамитке........ 36
Заман........ 39
Айдагы жылдызга жанашып........ 40
Кыш көрүнүшү........ 41
Маркум атам Сыдыков Жапанга........ 42
Оорубачы, жаным........ 43
Жанымдан алыссың........ 44
Шиңгилдер........ 45
Кут консун........ 46





Улан Кошматовго........ 47
Биреөгө баласың........ 48
Кайрымдуу бол! ........ 49
Кел........ 50
Учкун канат........ 51
Телефон........ 52
Алма багы........ 53
Саманчынын жолу........ 54
Чынын айтсам........ 55
Эли сонун Кыргыздын........ 56
Өчүрбөй үмүт........ 57
Поэзия........ 58
Ата Журтум........ 59
Бүгүн барсың........ 60
Кээ күндөрү........ 61
Биле албай........ 62
Ким........ 63
Жүрөгүм сүйүп калганбы?........ 64
Өткөн өмүр жомокторго айланды........ 65
Пир түнөп калган үйүмө........ 66
Сүйүп калсаң, арган жок........ 67
Ак шумкарым........ 68
Күйдүм чок........ 69
Жүрсөң экен, мага тирек болуп........ 70
Жашоого белек кылып жаздырып........ 71
Жүрөгүн гана оорутпасаң........ 72
Келеби кайра ал күндөр........ 73
Сагындым........ 74
Кусалык........ 75
Жашайын үмүт менен........ 76
Калдымбы, жүрөгүмдөн жактырып........ 77
Гезит беттерине жарыяланган материалдардан........ 78
Камыр-Таш Коңур-Дөбө........ 78
Экөө тең элдин уулу........ 80
Өрөөндүн өрнөктүү айымдары........ 82
Акындын сүрөт альбомунан........ 86

**А.Сыдыкова**

**ПЕРИШТЕҢЕ АЙЛАНАЙЫН ТҮН МЕНЕН**

Редактор: **С.Стамбеков**
Техникалык редактор: **А.А.Тойчубаев**
Компьютерге терген: **Мукаш уулу Кыял**
**Мукаш кызы Нурмира**

Басууга 15.08. 2019-жылы кол коюлду.
Кагаздын форматы 60х84 1/16.
Көлөмү 6,25 басма табак.
Нускасы 200. Буюртма № 31

Ош шаары, Курманжан датка көчөсү-236
0778 500 488

## СЫДЫКОВА АЙБАРЧЫН ЖАПАНОВНА

1967-жылы 27-июлда, Талас облусунун Киров районундагы Бейшеке айылында төрөлгөн.

1987-жылы Жалал-Абад облусунун Чаткал районундагы Каныш-Кыя айылында, С.Байдөөлөтов атындагы орто мектебининде мугалим болуп иштеген.

Чаткал райондук жергиликтүү «КЫЯЛ ТВ» телестудиясынын диктору, алып баруучу, директору, негиздөөчүсүнүн бири болгон.

«Ош-3000» МТРКсынын режиссеру, реклама - маркетинг жана эл аралык тышкы байланыштар дирекциясында редактор.

2008-жылдан баштап «ЭлТР» телеканалында техникалык жактан көзөмөлдөө бөлүмүнүн инженери.

2019-жылдын январынан баштап «ЭлТР» телеканалында эфирди көзөмөлдөө бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп келе жатат.

Көптөн бери ыр жазып, жазган ырлары гезит беттеринде жана телерадио берүүлөрдө жарыяланып келүүдө.

«Эл агартуунун отличниги», ЭлТРдин «Эң мыкты адиси»-деген төш белгинин ээси, КРнын «Ардактуу айымы» ордени, «Датка» медалы, «Үлгүлүү айым» медалы, ЭлТРдин, МЧСтин, андан башка көптөгөн облустук, шаардык Ардак грамоталары менен сыйланган.

«Ыйык жерлер баяны» жана «Махабат-ыйык сезим» аттуу китептердин автору. Жазган ырларына обондор чыккан. Журналисттер союзунун мүчөсү.

Кыргызстандагы касиеттүү жерлерди чагылдырууда, маалымат берүүдө, изденүү чеберчилиги менен коштоодо эмгеги эбегейсиз зор.

Билими жогорку. Бир уул, бир кыздын энеси жана неберелердин тайэнеси.